# 2019-2023-жылдарга карата киберкоопсуздук стратегиясы бекитилди.

2019-2023 –жылдарга Кыргыз Республикасынын киберкоопсуздук стратегиясы бекитилди. Тиешелүү чечимге Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Мухаммедкалый Абылгазиев кол койду.

Токтомдун максаты жарандардын, бизнестин жана мамлекеттин коопсуздук деңгээлин камсыздоо үчүн, алардын кибермейкиндиктеги маанилүү кызыкчылыктарын коргогон жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык туруктуу өнүгүүсүн камсыздаган, улуттук экономиканы санариптик трансформациалоону камтыган киберкоопсуздук улуттук стратегиясын түзүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын коопсуздук кеңешинин чечимине ылайык, Кыргыз Республикасынын киберкоопсуздук стратегиясы иштелип чыкты, ал төмөнкү маселелерди ишке ашыруу боюнча кадамдарды жана көз караштарды аныктайт:

- -банктык, телекомуникациялык жана башка сервистик инфратүзүмдөрдүн, кибер коркунучтарга жооп берүү жана мониторинг жасоо борборлорунун киберкоопсуздугун камсыздоо үчүн компьютердик инциденттерге жооп берүү топтору сыяктуу өз ара так ажыратылган уюмдук түзүмдөрдү түзүү;
- -компьютердик кылмыштуулукка каршы күрөшүү үчүн укуктук жана методикалык негиз түзүү;
- -маалыматты коргоонун, анын ичинде маалыматты криптографиялык коргоонун улуттук системасын түзүү;
- -Кыргыз Республикасынын кооптуу маалыматтык инфраструктура коопсуздугун, мамлекеттик түзүмдөрдүн жана мамлекеттик эмес секторлордун кибер коопсуздугун камсыздоо тутумун түзүү;
- -киберкоопсуздук коопсуздукту камсыздоо жаатындагы техникалык жана эл аралык стандартташтыруу;
- -киберкоопсуздукту камсыздоо үчүн потенциалды өстүрүү жана адам ресурстарын чыңдоо.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД
ОБЛАСТЫ АКСЫ РАЙОНунун
С. ЖОРОБАЕВ АТЫНДАГЫ №65 ЖАЛПЫ
ОРТО БИЛИМ БЕРУУЧУ МЕКТЕБИ
720603, Сары-Кашка айылы
А.Кадыркулов кочосу
Тел(+03742)6-04-99
ИНН 01203200910087

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АКСЫЙСКИЙ РАЙОН
ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ
ШКОЛА №65 ИМЕНИ С. ЖОРОБАЕВА
720603,село Сары-Кашка
Ул. А.Кадыркулова
Тел(+03742)6-04-99
ИНН 01203200910087

Буйрук: № 55-б

30.08.2022-жыл

**Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2019-жыл №369 токтому "2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын кибер коопсуздугу стратегиясы"ны аткаруу максатында**

**Буйрук кыламын:**

1."2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын кибер коопсуздук стратегиясы" нын ишке ашыруу максатында мектепте иш план иштеп чыгуу.

2.Белгиленген мөөнөттө аткарылуучу иш чаралар (айлык, декада) иштеп чыгылса, аткарылган иш чаралар боюнча отчёт берилсин.

3.Кибер коопсуздук жөнүндө окуучулар, ата-энелер жана мугалимдер арасында түшүндүрүү иштер жүргүзүү иш чараларга киритилсин.

4.Компьютердин начар начар корголушу жана зыяндуу ПК тууралуу маалыматтар окуучуларга жана ата-энелерге маалымат түрүндө жеткирилсин.

5. "Кибер коопсуздук", "Санариптик сабаттуулук", "Компьютердик гигиена" мазмунундагы сабактар класс жетекчилеринин тарбиялык иш пландарына киритилсин.

6.Мугалимдер арасында тажрыйба алмаштыруу, квалификацияны жогорулатуу мектепте программалар, тренингдер жана семинарлар уюштурулсун.

7.Кибер коопсуздуктун алдын алуу иштерин уюштурууга тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Мырзакеева Айжамал жана соц. педагог Мирзараимова Айдайга милдеттендирилсин жана иш чаралар уюштуруу класс жетекчилерге жүктөлсүн.

Мектеп директору: Кадыркулова Д.

"Бекитемин"

Мектеп директору: Кадыркулова Д.

01.09.2022-жыл

**С.Жоробаев атындагы №65 жалпы орто билим берүүчү мектебинин "2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын кибер коопсуздук стратегиясы" ишке ашыруу боюнча.**

## Иш чаралар планы:

| № | Иш чаралар | Күтүлүүчү натыйжалар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | мугалимдер жамааты менен "2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын кибер коопсуздугу стратегиясы"нын концепциясы иштеп чыгылсын | Мугалимдер арасында коопсуздук түшүнүгү, стратегиясынын максаттары, мазмуну жөнүндө маалымат алышат | Сентябрь Октябрь | тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, информатика мугалими. |
| 2 | Класс жетекчилер арасында окуучулардын киберкоопсуздугу жөнүндө семинар, тренинг. | Класс жетекчилер, окуучулар арасындагы киберкоопсуздук кандай жаралышы жөнүндө маалыматка ээ | Октябрь | Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, информатика мугалими,класс жетекчилер |
| 3 | Окуучуларга "Компьютердик гигиена" мазмунда сабак уюштуруу | Окуучулар компьютер колдонууда гигиена нормаларын сактоону үйрөнүшөт | Ноябрь | Информатика мугалими,класс жетекчилер |
| 4 | Мугалимдер жана окуучулар арасында "Санариптик сабаттуулук" боюнча семинарлар уюштуруу | Мугалимдер жана окуучулардын санариптик сабаттуулугу ашат | Ай сайын | Информатика мугалим |
| 5 | Ата-энелер арасын арасында кибер коопсуздук жөнүндө маалымат берүү | Ата-энелер ПКдин оң жана терс жактары жөнүндө маалымат алышат | Декабрь | Класс жетекчилер, информатика мугалими |
| 6 | Окуучулар арасында медиа сабаттуулук боюнча интеллектуалдык кароо сынак уюштуруу. Окуучулардын медиа бурчтарынын конкурсу | Окуучулар социалдык тармактардан пайдаланууну, өздөрүнүн медиабурчтарынын уюштурууну, соц.тармак этикасынын үйрөнүшөт | Апрель | Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, информатика мугалими |